КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.02.2026-ж.** **№ 1** **Бакай-Ата айылы**

**Мамлекеттик салык кызматынын Талас облусунун Бакай-Ата району боюнча башкармалыгы" мекемесине жаңы имарат куруу үчүн жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө**

Мамлекеттик салык кызматынын Талас облусунун Бакай-Ата району боюнча башкармалыгы" мекемесинин башчысы Н.А.Доулбековдун Бакай-Ата айылынын борбордук көчөлөрүнөн "Мамлекеттик салык кызматынын Талас облусунун Бакай-Ата району боюнча башкармалыгы" мекемесине жаңы имарат куруу үчүн жер аянтын бөлүп берүү боюнча кайрылуусун карап талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 11-беренесин жетекчиликке алып, Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 1-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айылынын Манас көчөсү № 46 б дарегинде жайгашкан Бакай-Ата айыл өкмөтүнө караштуу жер аянтына "Мамлекеттик салык кызматынын Талас облусунун Бакай-Ата району боюнча башкармалыгы" мекемесине жаңы имарат куруу үчүн 980.0 чарчы метр жер аянты бөлүнүп берилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Бакай-Ата филиалынан жер участогуна укук берүүчү мамлекеттик актысын даярдап берүү жагы суралсын.
3. Бакай-Ата райондук шаар курулуш жана архитектура башкармалыгынын тиешелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы суралсын.
4. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын жана өткөрүп берүү жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б. Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.02.2026-ж** **№ 2** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл аймагына караштуу Миң-Булак айылындагы "Майбаш" массивинде жайгашкан айыл чарба сугат каналын Талас облустук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги № 207 "Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө" токтомунун негизинде Бакай-Ата айыл аймагына караштуу Миң-Булак айылындагы "Майбаш" массивинде жайгашкан айыл чарба сугат каналын жана "Чоң Талас каналынан" суу сордуруучу насосту трансформатордук подстанциясы менен бирге Талас облустук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун сунушун угуп, талкуулап Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын 1-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл аймагына караштуу Миң-Булак айылынын "Майбаш" массивинде жайгашкан узундугу 1.820 метр, туурасы 4 метр болгон ички айыл чарба сугат каналын жана " Чоң Талас каналынан" суу сордуруучу насосту трансформатордук подстанциясы менен бирге Талас облустук суу чарба башкармалыгынын карамагына өткөрүлүп берилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Бакай-Ата филиалынан мамлекеттик актысын даярдап берүү жагы суралсын.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айылдык кеңешинин жер, агрардык саясат, муниципалдык менчик, өзгөчө кырдаалдар, экология, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Джакыбалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БАКАЙ-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАКАЙ-АТИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**03.02.2026-ж** **№ 3** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата айыл аймагынын Миң-Булак айылындагы № 639-чөйросызыгындагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине тиешелүү өнөр жай багытындагы 2.56 га жер тилкесине конкурстук негизде өндүрүштүк ишкана курууга макулдук берүү жөнүндө**

Бакай-Ата айыл аймагынын Миң-Булак айылындагы № 639-чөйрө сызыгындагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине тиешелүү өнөр жай багытындагы 2.56 га жер тилкесине конкурстук негизде өндүрүштүк ишкана курууга макулдук берүү боюнча Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун сунушун угуп, талкуулап Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын I-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата айыл аймагынын Миң-Булак айылындагы № 639 -чөйрө сызыгындагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине тиешелүү өнөр жай багытындагы 2.56 га жер тилкесине конкурстук негизде өндүрүштүк ишкана курууга макулдук берилсин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Джакыбалиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БАКАЙ-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАКАЙ-АТИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**03.02.2026-ж** **№ 4** **Бакай-Ата айылы**

**Бакай-Ата райондук Агрардык өнүктүрүү башкармалыгына караштуу айыл чарба мамлекеттик фондунун жерлеринин баштапкы баасы жөнүндө**

Бакай-Ата райондук Агрардык өнүктүрүү башкармалыгына караштуу айыл чарба мамлекеттик фондунун жерлеринин баштапкы баасы жөнүндөгү Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовдун сунушун угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 4-пунктун жетекчиликке алып, Бакай-Ата айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын I-кезектеги сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Бакай-Ата райондук Агрардык өнүктүрүү башкармалыгына караштуу айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери Бакай-Ата айылындагы №444, №451 чөйрө сызыгындагы жерлердин, Наматбек айылындагы № 505, № 642, № 805, № 798, №783, №775, №769, №754, № 694, № 692, № 650 жана № 649 чөйрө сызыгындагы жерлердин жана Мин-Булак айылындагы №378, №637, №533, №591 чөйрө сызыгындагы жерлердин баштапкы баасы жер салыгынын 20 (жыйырма) эсе өлчөмүндө белгиленишине макулдук берилсин.
2. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын жана Талас облустук юстиция башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бакай-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы И. Жакшымбетовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Джакыбалиев**